ОшМУнун МФТИТ институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын

№15 чогулушунун протоколунан

К Ө Ч Ү Р М Ө

*2026.10.02*

*Ош шаары*

*Төрага - Жолдошов Т.М.*

*Катчы – Мамадиярова А.А.*

*Катышкандар: кафедранын мүчөлөрү(тизме тиркелет).*

**К Ү Н Т А Р Т И Б И:**

**4. АР ТҮРДҮҮ МАСЕЛЕ**

4.1. КМИГД кафедрасынын ассистент-стажеру Бексултан Мурзали уулу тарабынан «ARCHICAD программасында Дубал (Стена) инструменти менен иштөө» темасында өткөрүлгөн ачык лабораториялык сабактын жыйынтыгы жөнүндө.

**УГУЛДУ:**

КМИГД кафедрасынын башчысы тех.и.к., доцент Т.М. Жолдошов КМИГД кафедрасынын ассистент-стажеру Бексултан Мурзали уулу тарабынан 2026-жылдын 4-февралында 570400 – «Графикалык дизайн» багытынын ГД(б)-3-23 тайпасына «Долбоорлоодогу компьютердик технологиялар» дисциплинасы боюнча «ARCHICAD программасында Дубал (Стена) инструменти менен иштөө» темасында ачык лабораториялык сабак өткөрүлгөндүгү белгиленди.

**Сабактын билим берүүчүлүк максаты**:

– Студенттерди ARCHICAD программасындагы Дубал (Стена) инструментинин мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштыруу жана аны практикалык иштерде туура колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу болду.

Сабак төмөнкү план боюнча жүргүзүлдү:

- ✓ Жаңы файл ачуу;
- ✓ Интернет баракчадан үйдүн планын жүктөп алып файлга жайгаштыруу;

- ✓ Үйдүн планы боюнча октор торчосун түзүү; Дубал (Стена) инструментин тандоо;
- ✓ Дубал параметрлерин туура коюу;
- ✓ План боюнча дубалдарды чийүү;
- ✓ Даяр болгон моделди 3D көрүнүшүндө текшерүү.

Сабак учурунда студенттер сырткы жана ички дубалдарды белгиленген параметрлер боюнча чийип, алардын калыңдыгын жана бийиктигин туура коюу менен архитектуралык моделди түзүү боюнча иш алып барышкандыгын маалымдады.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

*КМИГД кафедрасынын улук окутуучусу Г. Шамшиева сөз сүйлөдү:*

Ачык сабактын уюштурулушу жалпысынан канааттандырарлык деңгээлде өткөрүлгөндүгүн белгиледи. Ошону менен бирге сабактын жүрүшүндө айрым кемчиликтерге да токтолуп өттү. Тактап айтканда, сабакта айрым этаптарды дагы так жана ырааттуу уюштуруу, студенттер менен практикалык иштөөгө көбүрөөк убакыт бөлүү зарылдыгын белгиледи. Ошондой эле сабакта колдонулган материалдарды дагы толуктап, методикалык жактан өркүндөтүү боюнча сунуштарын айтты.

*КМИГД кафедрасынын ассистент-стажеру Бексултан Мурзали уулу сөз сүйлөдү :*

Ачык сабакта коюлган максаттар негизинен аткарылгандыгын белгиледи. Сабак боюнча айтылган сунуш-пикирлер жана көрсөтүлгөн кемчиликтер мындан аркы окутуу ишмердүүлүгүндө эске алынып, аларды жоюу боюнча иштер жүргүзүлөрүн билдирди.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

4.1 КМИГД кафедрасынын ассистент-стажеру Б. Мурзали уулу тарабынан «ARCHICAD программасында Дубал (Стена) инструменти менен иштөө» темасында өткөрүлгөн ачык лабораториялык сабак өткөрүлгөндүгү белгиленсин.

4.2. Ачык сабак боюнча айтылган сунуш-пикирлер эске алынып, мындан аркы окутуу процессинде колдонулсун.

*Төрага:* *Т.М. Жолдошов*

*Катчы:* *А.М. Мамадиярова*